**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.Н.ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 12.23.669 Диссертациялык кеңеши

*Кол жазма укугунда*
*УДК: 342.8 (575.2)*

**Абдылдаева Наргиза Уркасымовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Ош мамлекеттик университетинин мамлекеттик жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Арабаев Автандил Анисович**
юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Расмий оппоненттер:** **Токтогулов Алмаз Асылбекович**
юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргызпатенттин алдындагы Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фондунун аткаруучу директору
**Сатимкулов Убайдулла Акилбекович**
юридика илимдеринин кандидаты, Бишкек шаарынын Биринчи май районунун сотунун судьясы

**Жетектөөчү уюм:** "Кыргызстан эл аралык университети" окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасы. (Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 7-апрель көч. 4 а )

Диссертациялык иш 2024-жылдын "13" декабрында саат 14:00дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин отурумунда корголот. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев к., 132, конференц-зал (209-ауд.). Диссертацияны коргоону онлайн чагылдырып берүү коду: https://vc.vak.kg/b/122-3zo-lwo-ciw

Диссертация менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720024, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек Жолу к., 394) жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев к., 44) китепканаларынан, ошондой эле https://vak.kg/d_12_23_669 сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын "_____" ______________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Сагыналиева В.Ж.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу** Конституциянын негиздерин туу туткан, демократиялык нукта өнүгүү жолуна түшкөн мамлекетти курууну шайлоо системасыз ишке ашыруу мүмкүн эместигинде. Кыргыз Республикасынын (мындан ары КР) эгемендүүлүк алган күнүнөн баштап азыркы учурга чейин шайлоолордун жыйынтыгы бурмаланып, мыйзам бузуулар болуп келген жана шайлоо менен биргеликте тарыхый оор кырдаалдарды башынан өткөрдү *[Аманалиев У.О. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу [Текст]: окуу китеп. – Бишкек: ДЭМИ, 2023. – 430 б.]*. Мындай көрүнүш шайлоо системасынын реформалоосуна муктаждыгын аныктап, илимий изилдөөгө кызыгуу жаратат. КРсы эл аралык уюмдардын мүчөсү болуп саналат жана шайлоо укугу жаатындагы эл аралык стандарттарды сактоого милдеттүү. Илимий тема эл аралык милдеттенмелердин контекстинде шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөдө актуалдуу мааниге ээ. КРсы саясий, социалдык жана укуктук кайра түзүүлөргө байланыштуу Конституцияга өзгөртүүлөр байма-бай киргизилип турган жана 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумдун негизинде киргизилген акыркы өзгөрүүлөрдүн контекстинде шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөгө актуалдуулук кайрадан жаңыланды *[Акунов, А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021) [Текст]: Окуу китеби / А. Акунов, Т. К. Чоротегин. – Бишкек: И.Д. Калем, 2021. – 1040 б.]*. Илимий изилдөө иш “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” аттуу теманын алкагында көйгөлөр талданып, негиздүү сунуштарды берүүнүн үстүндө иш жүргүзүлдү. Ошондой эле теманын алкагында жарандардын конституциялык-укуктарына маани берилип, милдеттерин түшүнүү менен жоопкерчиликтүү болуусу боюнча механизимдер да каралды. Илимий изилдөө ишинин жыйынтыктары конституциялык-укуктук негиздерди өркүндөтүү боюнча иш алып барган тармактарга пайдасын тийгизе алат *[Арабаев, А. А. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу: жалпы жана өзгөчө бөлүктөрү [Текст]: окуу китеби / А. А. Арабаев, Р.А. Арабаев. – Бишкек: КУУ, 2014. – 411 б.]*.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөө изденүүчүнүн демилгелүү иши болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин теориялык жактан карап жана аларды өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу. Белгиленген максатка жетүү үчүн төмөнкү *негизги милдеттер* коюлган жана ийгиликтүү ишке ашырылган:

1. КРнын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү.
2. КРнын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө.

3. КРнын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо.
4. КРнын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо.
5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө.
6. КРнын Жогорку Кеңешинин (мындан ары ЖК) депутатын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо.
7. КРнын шайлоо системасын калыптандырууда саясий партиялардын ролун жана алардын шайлоо процессине тийгизген таасирин анализдөө.
8. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылуу үчүн укуктук базаны жакшыртуу механизимдерин иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн милдеттери КРнын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин бекемдөөгө багытталган теориялык жана практикалык иштеп чыгуулар аркылуу терең талдап өркүндөтүү боюнча сунуштарды алып чыгууга багытталган.

**Изилдөө ишинин илимий жаңылыгы.** Жүргүзүлгөн изилдөөдө КРсы эгемендүүлүктү алган күндөн азыркы учурга чейинки болуп өткөн референдум, Президенттик, ЖКтин депутаттарынын шайлоо процесстерине талдоо жүргүзүү менен өлкөдөгү шайлоо системасынын укуктук жана саясий кырдаалдагы ордун жана ролун комплекстүү илимий изилдөөгө алган диссертациялык иш болгондугу менен аныкталат. Илимий жаңычылдык КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча негизделип иштелип чыккан теориялык жоболордо жана практикалык сунуштарда чагылдырылган.

**Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөө иште каралган жоболор, берилген сунуштар, чыгарылган тыянактар тиешелүү мыйзамдарды талкулоодо колдонууга алынса болот. Изилдөөнүн жоболору “КРнын конституциялык укугу”, “КРнын шайлоо укугу” дисциплиналары жана башка атайын курстар боюнча окутуу процессинде, ошондой эле окуу жана окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого чыгарылуучу негизги жоболор:**

**1.** Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүн жана анын түрлөрүн камтыган компоненттерин кеңири изилдеп, түшүнүгүн ачып берип, ошондой эле өлкөдөгү шайлоо системасын жөнгө салуучу мыйзамдарын, негизги принциптерин, добуш берүү жана эсептөө эрежелерин, шайлоонун адилеттүүлүгүн жана демократиялуулугун камсыз кылуу механизмдери талданды.

**2.** КРнын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө эгемендүү КРнын шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүү этаптарын аныктоо боюнча талдоо жүргүзүлдү.

**3.** КРнын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин аныктап, учурдагы шайлоо системасынын иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрүн

талдоо. Ошондой демократиянын принциптери, пропорционалдык, мажоритардык жана аралаш системалар, көп партиялуулук, эркиндик жана шайлоонун адилеттүүлүгү сыяктуу негизги түшүнүктөрү изилденди жана көрсөтүлдү.

**4.** КРнын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасы КРнын Конституциясы, шайлоо жөнүндө мыйзамдар жана башка укуктук актылар менен аныкталган татаал институт. Бирдиктүү шайлоо системасынын натыйжалуулугу аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын (АШК, УШК) мүчөлөрүнө дем берүү механизмдеринен түздөн-түз көз каранды жана шайлоо процессин жогорку деңгээлде уюштурууда негизги ролду ойнойт, бул өз кезегинде шайлоонун сапатын жакшыртууга жана шайлоочулардын шайлоо системасына болгон ишенимин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

**5.** Шайлоо процессинде добуш сатып алуу менен добушун сатуу учурдун көйгөйү экендиги аныкталды. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренеси добуш сатып алган жоопко тартылып, ал эми добушун саткан шайлоочунун жоопкерчилиги КРнын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренесинде каралып, 10 эсептик көрсөткүч (1 000 сом) өлчөмүндө айып пул салынат деп берилген. Изилдөөнүн негизинде бул берене шайлоочулардын добуштарын сатууга тоскоолдук бере албагандыгы аныкталып, анын негизинде берененин жоопкерчилигин күчөттүрүү зарылдыгы негизделди.

**6.** КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо процессинен келип чыккан көйгөйлөрдү талдап, анын негизинде КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын, ЖКнин депутаттарын шайлоо аттуу 11-главасына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталды.

**7.** КРнын жарандарынын шайлоо процессине пассивдүү катышуусу ар кандай социалдык, саясий жана экономикалык факторлордун таасиринин натыйжасы болуп саналат. Изилдөөнүн алкагында саясий партиялардын шайлоочулардын активдүү катышуусун стимулдаштырууда, анын ичинде талапкерлердин жана саясий партиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды жакшыртуу аркылуу мүмкүнчүлүктөрү аныкталды. Бул чаралар шайлоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле жалпы саясий партиялардын иштешин бекемдей алат.

**8.** Шайлоого милдеттүү түрдө катышуу деген түшүнүктү киргизүү актуалдуулугун бир катар факторлорду эске алып төмөндөгү аныктоолор берилди: шайлоого милдеттүү түрдө катышуу жарандардын коом алдындагы социалдык жоопкерчилигинин бир бөлүгү катары каралышы керек; добуш берүү, бул укук гана эмес, бул ар бир жарандын милдети, анткени Өкмөттүн түзүлүшү жана коомдук кызыкчылыкты камтыган чечимдерди кабыл алуу алардын катышуусуна байланыштуу; шайлоого милдеттүү түрдө катышуу демократиялык институттарды бекемдөөгө, шайлоонун мыйзамдуулугун жана саясий процесстерге ишенимди жогорулатууга жардам берет деп талданды. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга

укуктук базаны жакшыртуу механизми катары КРнын Конституциясынын 2-беренесинин 4- бөлүгүнө жана 37-беренесинин 1- бөлүгүнө “милдетүү” деген түшүнүк менен толуктоо киргизүү зарылдыгы негизделди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган илимий иш болуп саналат. Диссертациялык иштин алкагындагы жазылган тыянактар, талдоонун жыйынтыктары изденүүчү тарабынан өз алдынча илимий изилдөөлөрдүн негизинде иштелди. Изилдөөнүн жыйынтыгы менен жактоого чыгарылуучу негизги жоболорду, ошондой эле практикалык сунуштарды изденүүчү жеке өзү иштеп чыккан. Диссертация изилдөөнүн темасы боюнча мамлекеттик тилде аткарылган илимий эмгектердин катарын толуктайт.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий басылмаларда жана изденүүчүнүн илимий-практикалык конференциялардагы, тегерек столдордогу баяндамаларында чагылдырылган. Диссертациянын негизги тыянактары “XXI кылымдагы илим жана билим” (Казахстан, Нур-Султан – 2021), сыяктуу эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндалды жана талкууланды. Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары изденүүчү тарабынан Борбордук шайлоо комиссиянын (мындан ары БШК) Шайлоо технологиялар борборунун жетекчиси катары 2015-жылдан 2020-жылга чейин эмгектенген учурлардан колдонулган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын басылмаларда жарыяланышы.** Изилдөө ишинин натыйжалары КРнын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан кеңеш берилген бир катар ата-мекендик жана РИНЦ базасы менен индекстелген басылмаларда 11 илимий макала жарыяланган.

**Диссертациялык изилдөөнүн түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш шарттуу белгилердин тизмесинен, кириш сөздөн, үч баптан, 8 бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден түзүлүп, 171 беттен турду. Анын ичинде 6 таблица жана 11 сүрөт чагылдырылды.

# ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, приоритеттүү илимий багыттар жана аны тандап алуунун негиздери келтирилген, изилдөөнүн максаты жана милдеттери көрсөтүлгөн, илимий жаңычылдыгы негизделген, теориялык жана усулдук, ченемдик жана эмпирикалык негиздери баяндалган, жактоого чыгарылуучу негизги жоболор келтирилген, изилдөөнүн практикалык жана теориялык маанилүүлүгү көрсөтүлгөн, алынган натыйжаларды апробациялоо жана изилдөөнүн түзүмү маалымдалган. КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери боюнча сунуштарды иштеп чыгуудагы маанилүү изилдөө болуп саналары анык. Себеби мыйзам ченемдердин так аткарылышы КРнын шайлоо системасынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө гана мүмкүндүк бербестен, шайлоо процесси жаатындагы мыйзамдарды жана практиканы өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга да өбөлгө түзөт.

**"Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына илимий аналитикалык сереп"** аталыштагы биринчи бап эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм ***"Шайлоо системасынын түшүнүгүнө жана анын түрлөрүнө жалпы мүнөздөмө"*** деп каралат. Шайлоо системасы дегенде мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жүргүзүү, шайлоо укуктарын берүү тартибин жөнгө салуучу жана добуш берүү жыйынтыктарын аныктоочу укуктук ченемдердин жыйындысын түшүнүүгө болот. Укуктук ченемдердин мындай системасынын жыйындысы шайлоо укугун түзөт. Добуштун камтылышы аймактын чоңдугу, алынган добуштарды мандаттарга өткөрүү эрежелери, конкреттүү талапкерге же партияга (талапкерлердин тизмесине) добуш берүү сыяктуу көрсөткүчтөргө жараша шайлоо системасы төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: мажоритардык; пропорционалдык; аралаш же гибриддик, мажоритардык-пропорционалдык; преференциалдык (коммуникативдүү). КРда 2005-жылы парламенттик шайлоодо мажоритардык менен пропорционалдык ыкмасы бирдей тең колдонулган. Парламенттин мыйзам чыгаруу жыйынына 45 депутаттар бир мандаттуу округдан, 15 саясий партиялардан келген *[Малабаев, Б. Н. Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики [Текст]: Монография_/ Б. Н. Малабаев. - Бишкек: изд.ОсОО Бишкектранзит, 2005. – 420 с.]*. Ал эми 2007-жылдан 2021-жылга чейин шайлоолор пропорционалдык ыкма менен өтүлүп келген. 2021-жылы рефрендумдун негизинде Конституция өзгөрүүгө учурап, КРнын ЖКнин 7-чакырылышы пропорционалдуу-преференциалдык жана мажоритардык ыкма бирдей колдонууга алынып уюштурулду, жыйынтыгында 90 депутаттын 54тү партиялык тизме менен шайланса, 36сы бир мандаттуу округдан шайланып келишти *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Слово Кыргызстана. – 2021. – 11 май]*.

Биринчи баптын экинчи бөлүмү ***"Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый аспектилери"*** аттуу теманын алкагында жүргүзүлдү. КРнын шайлоо системасынын тарыхый аспектилеринин негиздери төмөндөгү этаптарга бөлүп изилденди.

**1-этап.** Демократиялык институттарды түзүү мезгили (1991-2000). Эгемендүүлүккө жеткен жаш мамлекетте шайлоо институту өзгөчө мааниге ээ болот, жаш коомдо демократиялык эркиндиктерди ишке ашыруу көндүмдөрүн жаңыдан өздөштүрүп, саясий процесске активдүү катыша баштагандыктан, мамлекеттеги шайлоо институтуна шайлоочунун саясий ролун жана шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздердин механизимдерин ишке ашыруу маанилүү. 1991-жылы көз карандысыздык жарыялангандан кийинки алгачкы жылдары Советтик типтеги мамлекеттик органдар ишин уланткан. Булар: Республиканын Жогорку Кеңеши (Парламент), Министрлер Кеңеши (Өкмөт); Жогорку Сот жана жергиликтүү соттор. Өлкөдө коомдун демократиялык тибине өтүү боюнча масштабдуу реформалар кеңири жүргүзүлүп, Кыргызстанда түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр ишке киргизиле баштаган.

**2-этап.** Шайлоо системасын өркүндөтүү, санариптешүү системасынын биринчи этаптары (2000-2010). Бул мезгил шайлоо системасындагы санариптешүүнүн биринчи өзгөрүүлөрү жана саясий туруксуздук менен мүнөздөлгөн. Бул этапта “ГАС-шайлоо” системасы колдонууга киргизилип, санариптешүүгө акырындык менен өтүлө баштаган. Мындан тышкары КРнын 2007-жылдын 23-октябрындагы N 158 Мыйзамына ылайык КРнын шайлоо жөнүндө Кодекси ишке киргизилип 69-беренесинин, 2-пунктунда – ЖКтин депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система менен беш жылга шайланат деп өзгөрүп, 2000-жылдан 2010-жылдар ичи КРнын шайлоо системасы олуттуу өзгөрүүлөргө учурайт *[Малабаев, Б. Н. Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики [Текст]: Монография / Б. Н. Малабаев. - Бишкек: изд.ОсОО Бишкектранзит, 2005. – 420 с.]*.

**3-этап.** Шайлоо системасындагы орчундуу реформанын жүрүү этабы: демократияны жайылтуучу куралдардын бири катары партиялык тизме менен пропорционалдык системанын киргизилиши, санариптештирүү менен автоматизациялоону колдонууга киргизүү жетишкендиктери (2010-2020). Берилген этап шайлоо процессин өркүндөтүүгө жана демократиялык институттарды чыңдоого багытталган бир катар жаңылыктар жана өзгөртүүлөр кирген. 2010-жылы 4-октябрында КРнын ЖКнин V-чакырылышынын шайлоосу партиялык тизмелер боюнча пропорционалдык ыкма менен өтүп, андан кийинки 2015-жылдан баштап өтүлгөн шайлоолордун баардык түрү биометриялык каттоо – бир шайлоочу бир добуш, байкоочуларга ыңгайлуу шарт (экрандан ар бир шайлоочу тууралуу маалыматтар чыгып туруусу), автоматтык эсептөө урналар жана дароо колго берилүүчү электрондук протокол сыяктуу инновациялык жаңыланган техникалык ыкмалар киргизилип айырмаланат *[Акунов, А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021) [Текст]: Окуу китеби / А. Акунов, Т. К. Чоротегин. – Бишкек: И.Д. Калем, 2021. – 1040 б.]*.

**4-этап.** КРнын шайлоо системасынын иштешине жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген бир катар чакырыктарга жана өзгөртүүлөргө туш болууда (2020-азыркы мезгилге чейин). 2020-жылдын 4-октябрында Парламенттик

шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылып, шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрында өтүлүп КРнын ЖКнин VII-чакырылышы жаңы кабыл алынган Конституциянын негизинде орчундуу өзгөрүүлөргө учураган. КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамдын 59-беренесиндеги депутаттын саны 90 депутатка кыскарган, анын ичинен 54 депутат пропорционалдык система аркылуу ачык тизме менен шайланып келишкен, ал эми 36 депутат бир мандатту шайлоо округунан мажоритардык система менен шайланып ишке киришкен *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Слово Кыргызстана. – 2021. – 11 май]*. Жалпысынан биринчи баптагы изилдөөнүн жыйынтыктары КРнын шайлоо системаларын талдоодо жана иштеп чыгууда теориялык принциптерди эске алуунун маанилүүлүгүн баса белгилеп, шайлоо процессинин тарыхый аспектилерин түшүнүү, шайлоону башкаруунун эффективдүү жана жергиликтүү ыңгайлаштырылган механизмдерин иштеп чыгууну көздөгөн максатын орундатты.

Экинчи бап **"Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздери" деп аталып, үч бөлүмдөн түзүлдү.**

Изилдөөнүн **объектиси** болуп КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер саналат *[Малабаев, Б. Н. Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики [Текст]: Монография / Б. Н. Малабаев. - Бишкек: изд.ОсОО Бишкектранзит, 2005. – 420 с.]*.

Изилдөөнүн **предмети** – КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүүчү механизмдер, мамлекет менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери [*Джумабаев, М. Д. Развитие избирательной системы Кыргызской Республики [Текст] дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.02 / М. Д. Джумабаев. – Уфа, 2004. – 196 с.*].

КРнын шайлоо системасынын конституцяилык-укуктук негиздерин изилдөөнүн **методологиясын** илимий изилдөөнүн жалпы, жеке жана атайын ыкмалар колдонду. Изилдөөнүн жалпы илимий ыкмаларынан диссертациялык иште негизги катары теоретикалык жана эмпирикалык изилдөө ыкмалары колдонулду. Жеке илимий ыкмалардын арасынан изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый ыкма кеңири колдонулуп, ал эми атайын илимий ыкмалардын ичинен салыштырмалуу-укуктук ыкма маанилүү ролду ойноду [Арабаев, Ч. И. Кыргыз Республикасынын жарандык укугу [Текст]: окуу китеп / Ч. И. Арабаев. – Бишкек: Нур-Ас басма үйү, 2009. – 1-т. – 479 б.].

Экинчи баптын биринчи бөлүмүндө **"Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук жана методологиялык негиздери**" изилденди. Илимий иште эмпирикалык метод толук кандуу колдонулду жана төмөнкү тизмеленген аракеттерди өзүнө камтыды: шайлоо системасын талдоо жана түшүнүү үчүн шайлоо процессинин жүрүшүнө байкоо жүргүзүү ыкмалары колдонулду; шайлоону өткөрүүдөгү кошумча факторлор жөнүндө маалыматтар топтолуп жана аларга талдоо жүргүзүлдү;

шайлоо процесстериндеги мыйзамдардын так аткарылуусу боюнча статистикалык талдоо жүргүзүлдү; шайлоо субъектилердин шайлоо системасына, процессине болгон көз караштары изилденди, талдоонун негизи катары даяр сурамжылоолордун жообу алынды. Ошондой эле шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин алкагындагы теманы ачып берүү үчүн, бир гана укуктук тармакты кароодон тышкары саясий, социологиялык, философиялык көз караштарды жана тарыхый маалыматтарды камтыган эскперттик көз караштар алынып талданды. Белгиленген ыкмалардын айкалышы изилдөөчүлөргө шайлоо системасынын абалы жана натыйжалуулугу жөнүндө толук түшүнүк алууга, анын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, шайлоо процессин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

Экинчи баптын экинчи бөлүмү **"Бирдиктүү шайлоо системасынын түзүлүшү, жалпы мүнөздөмөсү"** деп аныкталды. КРнын атайын статусу бар бийлик органына кирген – БШК курамагындагы Аймактык шайлоо комиссиясы (мындан ары АШК), Участкалык шайлоо комиссиясы (мындан ары УШК) республика боюнча шайлоо кампаниясын ишке ашырып, шайлоо жөнүндө мыйзамдар жана башка укуктук актылар менен аныкталган татаал институту экендиги белгиленди. КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 3-беренесинин 1-бөлүгүнө – Шайлоо комиссиялары төмөнкү принциптер боюнча өз ишин жүзөгө ашырат деп 7 пункт менен берилген: 1-мыйзамдуулук; 2-айкындуулук; 3-ачыктык; 4-көз карандысыздык; 5-коллегиялдуулук; 6-адилеттүүлүк; 7-калыстык. Мыйзамда каралган принциптерди колдонууда демократиялык коомдун негизи болгон адилеттүү жана эркин шайлоолорду өткөрүүгө өбөлгө түзөт. Ушул эле мыйзамдын 3-беренесинин 1-бөлүгүнө натыйжалуулук деп 8-пунт менен кошуу сунушталат. Натыйжалуулук принциби шайлоо комиссияларынын ишинде төмөнкүдөй колдонсо болот деп аныкталды: процесстерди оптималдаштырууда шайлоо комиссиялары бюрократиялык жол-жоболорду кыскартууда, арыздар менен маалыматтарды иштеп чыгууда аларды максималдуу жөнөкөйлөтүү аркылуу өз процесстерин оптималдаштыра алышат; пландоо жана ресурстук камсыздоодо комиссиялардын ишин натыйжалуу пландаштыруу, анын ичинде ресурстарды бөлүштүрүү (кадрдык, каржылык жана материалдык) шайлоону жылмакай жана натыйжалуу өткөрүүгө жардам боло алат; кадрларды окутуу жана даярдоодо комиссия мүчөлөрүн жана персоналды системалуу окутуу менен даярдоо, кесипкөйлүгүн жогорулатууга жардам берип, бул тапшырмаларды натыйжалуу аткарууга мүмкүнчүлүк ачат; мониторинг жана контролдоодо шайлоо процессинин жүрүшүнө мониторинг жүргүзүп, көйгөйлөрдү ыкчам аныктоого жана аларга реакция кылуусун тездетип, ошону менен анын натыйжалуулугун жана ачык-айкындыгын жогорулатат. натыйжаларды талдоо жана оптималдаштырууда шайлоо процесси аяктагандан кийин комиссиялар процесстин күчтүү жана алсыз жактарын аныктап, кийинки шайлоо процесстериндеги иш-пландарга өзгөртүү киргизип, оңдоо түзөөлөрдү

жүргүзүп, ошону менен алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатат деп ишендиребиз. Бирдиктүү шайлоо системасынын түзүлүшү, жалпы мүнөздөмөсү бөлүмүндөгү экинчи сунуш КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 23-беренесинин 14- бөлүгүнө – **аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50%- 70%- 90%- жогору болгон учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын** деп киргизүүсү сунушталат. Берилген сунуштун максаты шайлоо системасындагы шайлоочу-нун шайлоого катышуу санынын көрсөткүчү төмөн болгондугуна карата киргизилди. Албетте, белгиленген көйгөйдү бир гана комиссия мүчөлөрүнө жүктөө эмес, жөн гана көйгөйдү чечүү жолдорунун бири катары кароого сунушталып, ар тараптуу механизмдерди колдонуу менен жакшы жыйынтыктарга жетүүгө болот деп негизделет ***[****Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө [Текст]: Кыргыз Респ. мыйзамы 2011 ж. 30 июнь, N 62 (КР 2013-ж. 19-февр. N 23, 2014-ж. 13-мартындагы № 40, 2015-ж. 17-февр. N 34, 2015-ж. 26-июнундагы № 139, 2017-ж. 20-февр. N 26, 2019-ж. 5-нояб. N 121 Мыйзамдарынын, 2021-ж. 26-июнундагы N 79 конституциялык Мыйзамынын редакцияларына ылайык) // Эркин Тоо. – 2011. – 30 июнь].*

Экинчи баптын үчүнчү бөлүмү *“***Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдери***”* ачыктоого арналган. КРнын шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдеринин темасы укук жана саясий илимдер жаатындагы илимий изилдөөнүн маанилүү объектиси болуп саналат, себеби шайлоонун жыйынтыктары бурмаланып келүүсүнөн улам нааразычылыктар күч алып, мамлекеттик төңкөрүштөр бир нече ирет кайталанган. Юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизми мыйзамдуулукту сактоодо жана конституциялык принциптердин сакталышын камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт, шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин натыйжалуу иштешине жетүү үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартууну ишке ашыруу аркылуу гана мыйзамдуулукту, акыйкаттыкты жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылып мыйзамдардын иштешине алып келүүгө болот. Шайлоо процессиндеги “добуш сатып алуу” шайлоо системасынын көйгөйлөрүнүн бири катары талданып, шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-бөлүгүн – шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу добушун сатуусу-100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат деп толуктоо киргизүү сунушталат. Учурда шайлоочунун добуш сатуусу боюнча жооп-керчилиги КРнын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренесинде – добушту сатып алуучулардын же алардын атынан чыккан жактардын пайдасына активдүү шайлоо укугун ишке ашыргандыгы үчүн

шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү, же болбосо ортомчу аркылуу акчалай каражаттарды жана (же) материалдык баалуулуктарды алуусу 10 эсептик көрсөткүч (1000 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет деп каралган. Бул берене шайлоочулардын добуштарын сатууга тоскоолдук бере албагандыгы аныкталып, анын негизинде берененин жоопкерчилигин күчөттүрүү сунушталды. Сунуштун негиздүүлүгү төмөндөгүдө – шайлоочу добушун 5000 (беш миң) сомго сатат, ал эми күнөөсү тастыкталса, айып пул 1000 (бир миң) сом, укук бузуучу юридикалык жоопкерчиликтен кооптонуп туруусу маанилүү, ал эми каралган жоопкерчиликтен эч ким кооптонбойт. *[Жаңы кодекстерге ылайык шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тууралуу маалымат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2021-жылдын 22-июлунда кабыл алынган жаңы кодекстерге ылайык шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн КР Кылмыш-жаза кодексинин, КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин төмөндөгү беренелери боюнча жоопкерчиликтер каралган. – Бишкек, 2021 [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: https://shailoo.gov.kg/kg/novye-kodeksy/. – аталышы экрандан].* Добуш сатып алган талапкерлер менен бирге добуштарын саткан шайлоочулар да бул кылмыштуу иш үчүн жоопту болушу шайлоо системасы үчүн маанилүү. Себеби, добуштарын акчага же башка пайдага саткан шайлоочулар демократиялык принциптерин бузуп, элдин эркин бурмалаган, жалпы коомдун кызыкчылыктарын бузган иш-аракеттерге катышып жатышат. Добушту сатуу – мыйзамды бузуу гана эмес, коомго жана мекенге каршы моралдык жосунсуз жорук.

**“Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын алкагында жүргүзүлгөн реформанын көйгөйлөрү** аталыштагы үчүнчү бап үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм ***“*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөр*”*** деп каралат.

Эгемендүү КРнын шайлоо системасынын тарыхын талдап, жүргүзүлгөн реформалардын максатын, шайлоонунун жыйынтыктарына илимий изилдөө жүргүзүп КРнын ЖКнин депутатын шайлоо процессинен кийин келип чыккан көйгөйлөрдүн түрлөрүн эки этапка бөлүп карадык:

**1-этап.** 1991-жылдан 2015-жылга чейин шайлоо системасына автоматтык эсептөө урнасы ( мындан ары АЭУ) менен биометрикалык паспорт аркылуу шайлоочунун тизмеси киргизилгенге чейин талданды. Бул этапта шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо боюнча механизмдерине төмөндөгү көрүнүштөр аныкталды: бир эле шайлоочунун бир нече жолу шайлоого катышуусу “карусель”; ашык бюллетендерди бир талапкер үчүн белгилеп урнага таштоо “мертвые души”; “сброс бюллетней”; административдик ресурс.


**2-этап.** 2015-жылдан бүгүнкү күнгө чейин. Бул этапта шайлоонун жыйынтыгын бурмалоосу боюнча механизмдерге төмөндөгү өзгөрүүлөр киргендиги аныкталды: добуш сатып алуу, сатуу; БШКнын форма №2 иш кагазынын түп максаты жокко чыгарылып, добуш сатып алуу механизминде колдонулду; административдик ресурс, мамлекеттик мекемелердин жеткечилери тарабынан кол алдындагы кызматкерлерине тиги же бул

талапкерди шайлоосуна буйрук берүү жана мекеме алдындагы шайлоо участкаларына талап коюу күчкө кирди; 2020-жылдан бүгүнкү күнгө чейин шайлоого катышпай коюу менен баарына каршы добуш берүү күч алды. Белгиленген көйгөйлөрдүн ичинен "Шайлоого катышпоо" жана "Баарына каршы" добуш берүү абройлуу деп аныкталды. Шайлоочунун шайлоого катышпоосу шайлоонун жыйынтыктары канаттандырылбагандыгы менен, ошондой эле шайлоонун кайра кайра кайталанып өтүлүшү деп аныктадык. Мисал катары 4 жылдын ичинде Бишкек шаарында 9 ирет шайлоо өтүлүптүр (3.1 – табл.)


**Таблица 3.1 – Бишкек шаарында 2020-жылдан 2024-жылга чейинки өтүлгөн шайлоолор** *[БШКнын токтомдорунун архивтик бөлүмү [Электронный ресурс]. – Кирүү режими: https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_ CIK_KR-BShKnyn_toktomdoru/ – аталышы экрандан].*

| № | Шайлоо | Убакыт |
|---|---|---|
| **1** | Парламенттик шайлоо | 04.10.2020-жыл |
| **2** | Президенттик шайлоо | 10.01.2021-жыл |
| **3** | Референдум жана жергиликтүү кеңештин шайлоосу | 11.04.2021-жыл |
| **4** | Жергиликтүү кеңештин кайра шайлоосу (Бишкек, Ош, Токмок шаарларында) | 11.06.2021-жыл |
| **5** | Парламенттик шайлоо | 28.11.2021-жыл |
| **6** | Кайра парламенттик шайлоо (№ 27 Биринчи май жана № 29 Свердлов шайлоо округдарында) | 27.02.2022-жыл |
| **7** | №26 Ленин округу боюнча кайра шайлоо (депутаттын мөөнөтүнөн мурда кетендиги үчү) | 28.05.2023-жыл |
| **8** | №26 Ленин округу боюнча кайра шайлоо (добуш сатып алуу боюнча фактылар такталып шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылгандыгы үчүн) | 10.09.2023-жыл |
| **9** | № 29 Свердлов шайлоо округу боюнча кайра шайлоо (депутаттын мөөнөтүнөн мурда кетендиги үчүн) | 30.06.2024-жыл |

2021-жылдын 28-ноябрында болуп өткөн шайлоодон кийин, бир мандаттуу шайлоо округдарында мандаттар бош калгандыгына байланыштуу кайра шайлоолор уюштурулду (3.1-сүрөт). Жогорудагы маалыматка ылайык биз, киргизилген өзгөрүүлөргө байланыштуу шайлоолор кайра кайра уюштуруп туруусуна негиз жаралгандыгын көрүүдөбүз. Бул учур, жалпы республикалык бюджетке залакасын тийгизгенден тышкары шайлоочунун шайлоодон тажагандыгына да алып келүүдө.




**3.1-сүрөт. 2021-жылдын 28-ноябрында өткөн КРнын ЖКнин бир мандатту шайлоо округдан шайланган депуттардын мандаты бош калгандыгына байланыштуу кайра уюштурулган шайлоолордогу шайлоочунун саны менен добуш берген шайлоочунун санынын айырмачылыктары** *[БШКнын токтомдорунун архивтик бөлүмү [Электронный ресурс]. – Кирүү режими: [https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_CIK_KR -BShKnyn_toktomdoru/](https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_CIK_KR_-BShKnyn_toktomdoru/) – аталышы экрандан]*.




**3.2-сүрөт. 2021-жылдын 28-ноябрында өткөн КРнын ЖКнин 7-чакырылышынын жана кайра шайлоолорду уюштуруунун бюджети** *[БШКнын токтомдорунун архивтик бөлүмү [Электронный ресурс]. – Кирүү режими: [https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_CIK_KR -BShKnyn_toktomdoru/](https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_CIK_KR_-BShKnyn_toktomdoru/) – аталышы экрандан]*.

Шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөөсү талданып, сунуш киргизилди. КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-бөлүгүн – **мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат** деп берилүүсү сунушталат *[Кыргыз*

*Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам: 2011-ж. 2-июлу N 68 (КР 2011-ж. 25-нояб. № 221, 2015-ж. 23-апр. № 88, 2017-ж. 5-июнундагы № 96, 2019-ж. 8-авг. № 116, 2020-ж. 30-июнундагы № 68, 2020-ж. 11-нояб. № 2, 2021-ж. 15-июлундагы N 84, 2021-ж. 26-авг. № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203244 - аталышы экрандан]*.

Шайлоо демократиялык процесстин көрсөткүчү, бирок ошол эле учурда шайлоонун кайра кайталанып туруусу бир катар терс кесепеттерге алып келет, айрыкча каржылык маселесине. Мисал катары талдап көрсөк: финансылык чыгымдар – булар шайлоо комиссияларынын ишине акы төлөө, бюллетендерди басып чыгаруу, добуш берүүчү жайларын техникалык камсыздоо, кызматкерлерди окутуу жана башка чыгымдар кирет; каржылоо бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлүп, мамлекеттик башкаруунун башка тармактарына жана социалдык программаларга терс таасирин тийгизиши мүмкүн; кайра шайлоо өткөрүү шайлоо комиссиялары, саясий партиялар, талапкерлер жана шайлоочулар тарабынан олуттуу убакытты жана күч-аракеттерин сарпташат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын депутаттарын шайлоосун алып талдап көрдүк. 2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын депутаттарын шайлоосунда сарпталган чыгымдардын сметасы – 592 531 000 (беш жүз токсон эки миллион беш жүз отуз бир миң) сомду түздү. Ал эми КР Жогорку Кеңешинин 7-чакырылышынын бир мандаттуу шайлоо округдан шайланган депуттардын мандаты бош калгандыгына байланыштуу кайра шайлоолордун чыгымдары 2024-жылдын 22-сентябрында боло турган кайра шайлоону кошкондо бюджет – 127 953 100 (жүз жыйырма жети миллион тогуз жүз элүү үч миң жүз) сомду түздү. Жалпы жонунан 7-чакырылышка бюджеттен сарпталган каражат – 720 484 100 (жети жүз жыйырма миллион төрт жүз сексен төрт миң жүз) сомду түздү” *[БШКнын токтомдорунун архивтик бөлүмү [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_CIK_KR-BShKnyn_toktomdoru/ - аталышы экрандан]*. Бирок тилекке каршы бул чек эмес. Бир мандаттуу шайлоо округундагы шайлоолор болжол менен 2025-жылдын ноябрь айына чейин уюштуруулуусуна мыйзам жол берет, демек бюджеттен сарпталган каражаттын өсүүсүн күтүүгө болот.

Үчүнчү баптын экинчи бөлүмүндө **Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролу каралды.** Саясий партиялар өлкөнүн мыйзам чыгаруу бийлигинин кадрларынын сапатын жакшыртууда маанилүү ролду ойнойт деп аныктадык. Себеби, саясий партиялар КРнын ЖКнин шайлоосуна активдүү катышуу үчүн талапкерлерин көрсөтүшөт, ал эми сунуштаган талапкер депутаттык мандатка ээ болуп мыйзамдарды талкуулоого жана кабыл алууга катышып, анын кесипкөйлүгү, билими жана тажрыйбасы анын ишинин сапатына таасир берип, кабыл алган мыйзамдар

шайлоочунун жашоо сапатына түздөн-түз таасирин тийгизе баштайт. Мыйзамдар жарандардын укуктарын, милдеттерин аныктап, экономикалык, социалдык мамилелерди жөнгө салып жана адам укуктарынын коопсуздугу менен корголушун камсыз кылуу үчүн багытталып иштелип чыгуусу маанилүү. Ошентип, саясий партиялар мыйзамдарды калыптандырууда жана парламентте иштеген депутаттары аркылуу жарандардын жашоо сапатына таасир берүүдө ролу чоң. Алар талапкерлерди шайлоого көрсөтөөрдө шайлоочулардын кызыкчылыктарын эффективдүү көрсөтө алган жана мыйзамдарды жакшыртуу үчүн иштей алган кесипкөй жана компетенттүү талапкерлерди тандоо үчүн жоопту болушу зарыл. Талапкердин кесипкөйлүгү мамлекеттин өнүгүп өсүшүндөгү салымынын ролу чоң, укуктук системаны калыптандырууга жана коомдун адилеттүүлүгүн жана жыргалчылыгын камсыз кылууга таасир этет *[Артыкбаев, М. Т.. Саясат таануу илими [Текст]: жогорку окуу жайлар үчүн окуу куралы / Абдрахманов Т.А., Дуйшеналиев Ч.Д.–Бишкек: Принт Экспресс, 2017. – 264 б.].*

Саясий партиялардын багытын, мыйзамдарды жана өлкөнүн кадр саясатын аныктоо менен КРда мамлекеттик институттардын түзүлүшүндө жана иштешинде негизги ролду ойнойт деп талданып КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутатын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 11-главасынын 59-беренесинин 2- бөлүгүнө – **шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны КРнын ЖКнин депутаты болуп шайлана алат** деп өзгөртүү киргизүү сунушталды. Берилген сунуш КРнын ЖКнин депутатына талапкерлердин тизмесинин сапатынын жакшырышы анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, кабыл алынган ченемдик-укуктук актылардын сапатын жакшыртууга жана коомдун мыйзам чыгаруу бийлигине болгон ишенимин бекемдөөгө алып келет *[Курманов, З. К. Кыргыз Республикасынын шайлоо укуктары жана партиялык түзүлүш боюнча саясий партияларга [Текст]: эскерткич / З. К. Курманов; Басылма Кыргыз Респ. шайлоо системасын реформалоо боюнча жарандык коомдун демилгелери долбоорунун алкагында иштелип чыкты. – Бишкек: Адилет, 2017. – 135 б.].*

Үчүнчү баптын үчүнчү бөлүмүндө **"Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук өнүктүрүү жолдору".** Илимий иштин алкагында жүргүзүлгөн жеке сурамжылоонун негизинде, БШКнын расмий маалыматтары талданып, салыштырмалуу аныктоодон кийин шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү үчүн КРнын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүн – **шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү** деп өзгөртүү киргизип, жана анын негизинде Конституциянын 37-беренесинин 1-бөлүгүн –

**Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле Референдумга, Президенттик шайлоого, КРнын ЖКни менен жергиликтүү кенештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү деп өзгөртүү киргизүү сунушталды** *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Слово Кыргызстана. – 2021. – 11- май].*

Албетте берилген сунуш - шайлоочулардын шайлоого милдеттүү катышуусу бир нече себептерден улам татаал талкууну жаратуусу мүмкүн. Шайлоого милдеттүү түрдө катышуу деген сунушка бир нече себептерди белгилеп каршылык көрсөтүлөт деген коркунуч илимий иште талданды:

1. демократиянын негизги принциптеринин бири катары жарандардын эркиндиги жана өз тагдырын өзү аныктоо болуп саналат, ошондуктан шайлоого милдеттүү түрдө катышуу бул принципти бузуу катары кабыл алынышы мүмкүн;
2. шайлоого милдеттүү түрдө катышууну киргизүү жарандардын жеке эркиндиктерин чектейт, анткени алар саясий процесстерге кызыкдар болбосо дагы же талапкерлердин бирин колдобосо дагы, катышууга аргасыз болушат, бирөк бул учур эске алынып бюллетенге "Баарына каршы" талапкер киргизилген;
3. шайлоого милдеттүү түрдө катышуу терс социалдык кесепеттерге алып келиши мүмкүн, мисалы, жарандардын нааразычылык маанайын жогорулатуу;
4. шайлоого милдеттүү катышууну киргизүү анын сакталышын камсыз кылуу үчүн натыйжалуу контролдоо жана санкциялар системасын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну талап кылат жана олуттуу ресурстар керектелет, ошондой эле шайлоону уюштурууга кошумча административдик тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн.

Жогорудагы факторлорду эске алуу менен, шайлоого милдеттүү катышуунун оң жана терс жактарын кылдаттык менен таразалап, коомдун кызыкчылыктарын эске алган жана жарандык эркиндиктердин негизги принциптерин бузбай, демократиялык институттарды бекемдей турган компромисстик чечимдердин үстүндө иштеп, ар бир талдоолорду аныктап чыктык: демократия – шайлоодо талапкерди тандоо мүмкүнчүлүгүнөн алда канча кеңири түшүнүк деп таанылат. Демократия, бул жарандык катышуу, укуктук теңчилик жана негизги укуктар менен эркиндиктерди коргоо принциптерине негизделген башкаруу системасы. Демократиянын шартында ар бир жаран саясий чечимдерди кабыл алууга жана өз эркин билдирүүгө укуктуу дегенди да өзүнө камтыйт, ошондуктан шайлоочулар шайлоого катышпоону чечкенде, алар демократиянын жалпы баалуулуктарына жана принциптерине шек келтирип жатышат; демократия түшүнүгү жарандардын коомдун саясий турмушуна активдүү катышуусун да камтыйт, демек, шайлоочунун шайлоого катышпоо саясий процесстерге жана чечим кабыл алууга таасир этүү укугунан баш тартууну билдирет, бул демократиялык институттардын андан ары алсырашына жана демократиялык эмес күчтөрдүн таасиринин күчөшүнө алып келиши мүмкүн. Демек, шайлоочунун шайлоого

активдүү катышуусунун начардыгынан улам авторитардык тенденцияларды жана демократияга коркунучтарды күчөтүүгө салым кошуп жатышат деп да талдасак болот. КРнын шайлоо системасынын бүгүнкү абалына мисал катары изилдөөнүн негизинде төмөндөгүнү аныктайм, шайлоочу шайлоого катышпаса, катышууга кызыкдар болбосо, же анын маанилүүлүгүнө ишенбесе, бул шайлоо процессин манипуляциялоого, бийликтеги кадрлардын сапатынын төмөндөөсүнө алып келүүсү мүмкүн. Жогорудагы талдоонун негизинде демократия шайлоодо талапкерди тандоо укугу менен гана чектелбестигин түшүнүү маанилүү, тескеринче шайлоого катышуу конституциялык укугунан баш тартуу жалпы демократиянын негиздерин бузуу деп түшүнүп КРнын Конституциясына милдеттүү деген түшүнүктүү киргизүү бүгүнкү күндүн талабы; шайлоого милдеттүү түрдө катышуу жарандардын коом алдындагы социалдык жоопкерчилигинин бир бөлүгү катары каралышы керек. Добуш берүү, бул укук гана эмес, бул ар бир жарандын милдети, анткени Өкмөттүн түзүлүшү жана коомдук кызыкчылыкты камтыган чечимдерди кабыл алуу алардын катышуусуна байланыштуу. Шайлоого милдеттүү түрдө катышуу демократиялык институттарды бекемдөөгө, шайлоонун мыйзамдуулугун жана саясий процесстерге ишенимди жогорулатууга жардам берет; Шайлоого катышуунун маанилүүлүгү жана анын демократияны чындоо менен байланышы жөнүндө маалымат таркатып, коомчулук менен активдүү иш-чараларды өткөрүү нааразычылыкты азайтууга жардам берет. Жарандар өздөрүнүн саясий катышуусунун маанисин канчалык жакшы түшүнсө, ошончолук шайлоого активдүү катышууга ыкталат *[Шмиттер, Ф. Жарандык коом жана демократиянын биримдиги жөнүндө ой жүгүртүү [Электрондук ресурс] / Ф. Шмиттер. – Кирүү режими: www.gumer.info/bibliotek_Buks/Polit/Hrestom/31.php – аталышы экрандан]*.

Илимий изилдөө иштин алкагындагы сунуштун терс жана оң жактарын талдап аныктап берген соң, шайлоого милдеттүү түрдө катышуу жеке эркиндиктерди чектөө сыяктуу сезилиши мүмкүн, бирок тескеринче аны киргизүү демократиялык институттарды чыңдоо жана саясий системанын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу контекстинде прагматикалык жактан негиздүү болушу мүмкүн.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык иштин алкагындагы илимий изилдөө КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери талкууланып талданды. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин изилдөө КРнын шайлоо системасынын өркүндөтүү үчүн сунуштарды иштеп чыгууда маанилүү кадам болуп саналат. Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө КРнын Конституциясы, анын негизги жоболору, конституциялык Мыйзамдар, кодекстер, мыйзамдар жана башка тиешелүү актылар талдоого алынды. Ошондой эле КРнын шайлоо системасынын тарыхы талданды, шайлоо процесстерине тиешелүү укуктук практика каралды. Диссертациялык иштин темасынын алкагында изилдөөнүн объектиси болуп КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер саналат. Изилдөөнүн предмети – КРнын шайлоо

системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүүчү механизмдер, мамлекет менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери кирет. КРнын шайлоо системасындагы негизиги көйгөйлөр деп шайлоого катышкан шайлоочунун санынын төмөндүгү жана шайлоочунун добушун сатып алуу деп аныкталып, көйгөйдү чечүү боюнча бөлүмдөрдүн алкагында талданып сунуштар иштелип чыкты. Илимий изилдөөнүн алкагындагы жүргүзүлгөн талдоолордон жана тыянактардан улам, КРнын шайлоо системасын мындан ары өркүндөтүү, белгиленген көйгөлөрдү чечүү үчүн КРнын Конституциясына, КРнын Президенти жана КРнын ЖКнин депутатын шайлоо боюнча конституциялык Мыйзамына, КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдарынын тиешелүү беренелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү сунушталды.

Берилген сунуштар диссертациялык теманын алкагында иштелип чыккан төмөнкү милдеттердин негизинде каралды жана талданды:

1. КРнын шайлоо системасынын түшүнүгү талданып, негизги мүнөздөмөлөрү аныкталды.

2. Эгемендүү КРнын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөөдө мамлекетте болуп өткөн шайлоо процесстерин азыркы учурга чейинки өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүп, аны этаптарга бөлүп жана анын эволюциясын түшүнүү аркылуу максат ишке ашырылды.

3. КРнын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздери талданып, ыкмалары изилденип, бул негизги тенденцияларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берди.

4. КРнын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоого аракет көрүлдү. БШК, АШК, УШКнын иш аракеттерине, компоненттерине жана алардын өз ара байланыштарына талдоо жүргүзүлдү, бул бирдиктүү система катары жалпы мүнөздөмөсүн түзүүгө мүмкүндүк берди, анын негизинде тиешелүү мыйзамдарга толуктоолор киргизилүүсү сунушталып, алардын иш алып баруусун жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыкты.

5. КРнын шайлоо системасындагы мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин талдоо боюнча иш жүргүзүлүп, диссертациялык иштин алкагында белгиленген көйгөлөрдү чечүү боюнча тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүү, толуктоо киргизүү сунушталды.

6. КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо процессинен келип чыккан көйгөйлөрдү аныктоо боюнча талдоо жүргүзүлдү, негизги көйгөйлөр аныкталып, аларды чечүүнүн жолдору сунушталды.

7. Саясий партиялардын шайлоо процессин калыптандыруудагы таасири изилденип, ролу белгиленди. Жыйынтыгында саясий партиялардын талапкердин тизмесин түзүүдө кылдаттык мамиле жана чоң жоопкерчилик менен иш алып барылуусу керектиги аныкталды. Себеби КРынын ЖКнин курамы жана алардын компетенттүүлүгү, ошондой эле аткарган ишинин сапаты саясий партиялар түзгөн тизмеге олуттуу деңгээлде көз каранды болуп,

алардын өз талапкерлерин көрсөтүү менен өлкөнүн келечектеги мыйзам чыгаруу органына таасир этишет. Ушундан улам тиешелүү мыйзамга талапкер үчүн коюлган талаптарга толуктоо киргизүү сунушуталды.
8. КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылуунун укуктук базасын өркүндөтүү механизмдерин талдоо аркылуу конституциялык жана укуктук принциптерди эске алуу менен шайлоо системасынын укуктук базасын өркүндөтүү үчүн конкреттүү сунуштар негизделип сунушталды.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде КРнын шайлоо системасынын натыйжалуулугун, ачык-айкындыгын жана адилеттүүлүгүн, ошондой эле конституциялык принциптерди жана демократиянын эл аралык стандарттарын сактоону камсыз кылуу максатында аны өркүндөтүү боюнча мындан аркы аракеттердин зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарууга болот. Шайлоо мыйзамындагы теориялык ыкмаларды карап, киргизилген өзгөрүүлөргө баа берүү максатында КРнын шайлоо процесси менен укуктарына талдоо жүргүзүлүп, эгемендүү шайлоо системасында бүгүнкү учурга чейинки болуп өткөн шайлоолордун жыйынтыгы талданды, маалыматтар БШКнын токтомдорунан алынды. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде көйгөйлөргө баа берилип, ар бир бапта өнүгүү жолдору боюнча, конкреттүү сушунтарды алып чыгуу максаты ишке ашты.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. КРнын шайлоо системасынын компоненттерин дыкат изилдөөдө шайлоо мыйзамдары, шайлоо процессинин жол-жоболору, шайлоо комиссияларынын түзүмү, ошондой эле өлкөдөгү добуш берүү системасын жөнгө салуучу мыйзамдар каралды. Добуш берүүнүн жана эсептөөнүн негизги принциптери жана эрежелери, ошондой эле шайлоонун адилеттүүлүгүнө жана демократиялуулугуна кепилдик берүүчү механизмдер талдоого алынды. Шайлоо системанын эгемендүү тарыхы талданып, анын негизинде төмөндөгүдөй тыянак чыгарылды: мамлекеттеги бийлик менен жарандын ынтымагын, эриш аркак түшүнүү, колдоо менен өнүгүүгө кадам таштоо үчүн шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына жетип, шайлоо процессинин жыйынтыгы ачык айкын болуусун орундатуу маанилүү деп аныкталды.
2. КРнын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө анын калыптануусун жана өнүгүүсүн 4 этапка бөлүү аркылуу аныктап максатына жетти. Ар бир этапта КРнын шайлоо системасынын тарыхый өзгөчөлүктөрү белгиленип, талдоо жүргүзүү акрылуу төмөндөгүдөй түзүлдү: **1-этап.** Демократиялык институттарды түзүү мезгили *(1991-2000).* 1991-жылы КРнын көз карандысыздыгы жарыяланган. Ушул мезгилде демократиялык институттарды, анын ичинде шайлоо системасын түзүү башталган. Ошондой эле бул 1993-жылы кабыл алынган эгемендүү КРнын алгачкы Конституциясында шайлоо системасынын негизги принциптери, анын ичинде

шайлоого болгон укуктар, эркиндик жана адилеттүүлүк принциптери бекемделгендиги аныкталган. **2-этап.** Шайлоо системасын өркүндөтүү, санариптештирүү системасынын биринчи этаптары (2000-2010). Бул мезгил шайлоо системасындагы санариптештирүүнүн алгачкы багыттарын белгилейт. Аларга "ГАС-шайлоо" системасы жана бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система киргизилүүсү менен аныкталат. **3-этап.** Шайлоо системасындагы орчундуу реформанын жүрүү этабы (2010-2020). Демократиялык принциптерди ишке ашыруу максатында партиялык тизме менен пропорционалдык система, санариптештирүү жана автоматташтыруу системасын колдонууну өркүндөтүү маселелери талданган. **4-этап.** КРнын шайлоо системасынын азыркы мезгилдеги иштөө жана өнүгүү этабы (2020-азыркы мезгилге чейин). Бул этапта 2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоодон кийин Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн жүргүзүлгөн реформанын багыттары каралды.

3. КРнын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо аркылуу жалпы шайлоо системасына карата ар кандай теориялык концепцияларды жана методологиялык мамилелерди, ошондой эле учурдагы шайлоо системасынын иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрү камтылды. Ошондой эле эгемендүү шайлоо системасынын алкагында шайлоо процесстер каралып, демократиянын принциптери, пропорционалдык, мажоритардык жана аралаш системалар, көп партиялуулук, эркиндик жана шайлоонун адилеттүүлүгү сыяктуу негизги түшүнүктөр талданып аныкталды.
4. КРнын бирдиктүү шайлоо системасынын түзүлүшүн жана мүнөздөмөсүн аныктоо максатын ишке ашыруу үчүн тиешелүү мыйзамдар талданып, илимий иштин жыйынтыгында КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 3-беренесинин 7-пунктунда турган шайлоо комиссиялардын ишинин принциптери жана негизги кепилдиктери белгиленип, көргөзүлгөн берененин 8-пункт кылып "натыйжалуулук" принциби менен толуктоо сунушталды. Натыйжалуулук принцибинин ролу шайлоону сапаттуу уюштуруп, өткөрүп берүүсүн камсыз кылуу дегенди билдирип, ал өзүнө шайлоо процессин так жөнгө салууну, шайлоочуларга тийиштүү түрдө маалымдоону, даттанууларды жана талаш-тартыштарды өз убагында жана объективдүү кароону, ошондой эле шайлоо мыйзамдарын бузууларга активдүү бөгөт коюуну камтыйт. Бул принцип коомдун шайлоо системасына болгон ишенимин камсыз кылууга жана шайлоонун эркиндигин, адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталат. Ушул эле мыйзамдын 23-беренесин 14-бөлүгү менен толуктап, төмөндөгүдөй тартипте берилүүсү сунушталат – **аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50%-70%-90%-жогору болгон учурда тиешелүү шайлоо участкасынын мүчөлөрүн сыйлоо белгиленген тартипке ылайык каралсын.** Сунушталган ченемдерге ылайык, комиссия мүчөлөрү шайлоочулардын

катышуусунун белгилүү бир пайыздык көрсөткүчүнө жетүүгө стимул алышат деп аныкталды *[Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө [Текст]: Кыргыз Респ. мыйзамы 2011 ж. 30 июнь, N 62 (КР 2013-ж. 19-февр. N 23, 2014-ж. 13-мартындагы № 40, 2015-ж. 17-февр. N 34, 2015-ж. 26-июнундагы № 139, 2017-ж. 20-февр. N 26, 2019-ж. 5-нояб. N 121 Мыйзамдарынын, 2021-ж. 26-июнундагы N 79 конституциялык Мыйзамынын редакцияларына ылайык) // Эркин Тоо. – 2011. – 30 июнь].*

5. Шайлоо процессинен чыккан "Добуш сатып алуу" көйгөйүн чечүү максатында, шайлоо процесстеги мыйзам буузулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдери талданып, тиешелүү мыйзамга төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталды. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3- бөлүгүнө – **шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу өз добушун сатуусу боюнча 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000 ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат.** Сунуштун негизги себеби, шайлоо системасындагы шайлоонун жыйынтыгын бурмалоону токтотуу үчүн добуш сатып алган талапкерден тышкары, добушун саткан шайлоочуну да жоопкерчиликке тартуу маанилүү деп аныкталды *[Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси – Бишкек, 28.10.2021ж., № 127 (Кыргыз Респ. 2021-ж. 28-окт. № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилет) (Кыргыз Респ. 2022-ж. 18-янв. № 4 Мыйзамынын редакциясына ылайык) [Электронный ресурс]. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112309?cl=ky-kg – аталышы экрандан].*
6. КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо процессиндеги көйгөйлөр талданып жана алардын ичинен негизгилери белгиленип, анын алкагында сунуштоолор киргизилди. Шайлоонун кайра кайталанып уюштурулуп турууcу шайлоочунун шайлоодон тажагандыгына алып келүүдө, ошондой эле мамлекеттик бюджетке зыян келтирип, аны менен бирге мамлекеттин экономикасына залакасын тийгизүү деп аныкталып КРнын Президентин жана КРын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7- бөлүгүнө – **мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат** деп толуктоосу сунушталды. *[Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам: 2011-ж. 2-июлу N 68 (КР 2011-ж. 25-нояб. № 221, 2015-ж. 23-апр. № 88, 2017-ж. 5-июнундагы № 96, 2019-ж. 8-авг. № 116, 2020-ж. 30-июнундагы № 68, 2020-ж. 11-нояб. № 2, 2021-ж. 15-июлундагы N 84, 2021-ж. 26-авг. № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) [Электронный ресурс]. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203244 – аталышы экрандан].*

7. КРнын шайлоо системасынын калыптануусунда, шайлоо процессинин мыйзам ченеминде жүргүзүлүп, шайлоонун жыйынтыгынын бурмалоосун токтотууга болгон саясий партиянын ролу талданып, КРнын Президентин жана КРын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2- бөлүгүнө – **шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар КРнын ЖКнин депутаты болуп шайлана алат** деп толуктоо киргизүү сунушталды. Берилген сунуш КРнын ЖКнин депутатына талапкерлердин тизмесинин сапатынын жакшырышы анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, кабыл алынган ченемдик-укуктук актылардын сапатын жакшыртууга жана коомдун мыйзам чыгаруу бийлигине болгон ишенимин бекемдөөгө алып келет. Бул өз кезегинде укуктук мамлекетти өнүктүрүүгө жана коомдо мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга өбөлгө түзүлөт деп белгиленди *[Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам: 2011-ж. 2-июлу N 68 (КР 2011-ж. 25-нояб. № 221, 2015-ж. 23-апр. № 88, 2017-ж. 5-июнундагы № 96, 2019-ж. 8-авг. № 116, 2020-ж. 30-июнундагы № 68, 2020-ж. 11-нояб. № 2, 2021-ж. 15-июлундагы N 84, 2021-ж. 26-авг. № 103 конституциялык Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) [Электронный ресурс]. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203244 – аталышы экрандан].*
8. Шайлоо системасынын конституциялык – укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү механизмдери талданды, анын негизинде КРнын Конституциясынын 2-беренесинин 4- бөлүгүнө төмөндө-гүдөй толуктоо сунушталды – **шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү** деп толуктоонун негизинде Конституциянын кийинки 37-беренесинин 1-бөлүгүнө – **Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле Референдумга, Президенттик шайлоого, КРнын ЖКни менен жергиликтүү кенештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү** деп өзгөртүү киргизүү *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Слово Кыргызстана. – 2021. – 11 май].*

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Абдылдаева Н.У. Автоматически считывающие урны в избирательном процессе КР [Текст] / Н.У.Абдылдаева, А.Акматова // Вестник КРСУ. – 2018. Том 18. №3. – С. 46-48.
2. Абдылдаева Н.У. Анализ избирательной системы КР в период с 1991 по 2017гг. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2019. №1. С – 245-250.
3. Абдылдаева Н.У. Избирательный процесс в КР.[Текст] / Н.У.Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 12 (58) г.Москва, 2019.– С.300-305.
4. Абдылдаева Н.У. Выборы 2020 – новый этап избирательного процесса [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Вестник КРСУ. – 2021. Том 21. №3. – С. 78-82.
5. Абдылдаева Н.У. Приоритетное направление развития избирательной системы КР. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 4 (74) г.Москва, 2021. – С. 188-190.
6. Абдылдаева Н.У. Парламентские выборы КР по новой избирательной системе: ожидания и последствия. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 8 (78) г.Москва, 2021. – С. 143-145.
7. Абдылдаева Н.У. Политика цифровизации в КР на примере избирательной и налоговой системы. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, О.Сатыбалидев // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 12 (82) г.Москва, 2021. – С. 143-145.
8. Абдылдаева Н.У. КРнын шайлоо системасындагы көйгөй – шайлоочунун шайлоо маданияты. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Scientific journal ALATOO ACADEMIC STUDIES. 2022. №2. г.Бишкек, – С.193-199.
9. Абдылдаева Н.У. КРнын өнүгүү жолундагы конституциялык реформалардын ролу. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, // Известия НАН КР. 2022. №3. – С.187-191.
10. Абдылдаева Н.У. Конституционно-правовые основы избирательной системы КР. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Известия НАН КР. 2022. №3. – С.203-208.
11. Абдылдаева Н.У. 2023-жылдын 28-майында КРнын Жогорку Кенешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда өтүлгөн №26 Ленин бир мандаттуу шайлоонун жыйынтыгы. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, // Scientific journal ALATOO ACADEMIC STUDIES. 2023. №3. г.Бишкек, – С.367-375.

**Абдылдаева Наргиза Уркасымовна 12. 00. 02 - конституциялык укук; муниципалдык укук боюнча илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Конституция, мыйзам, укук, шайлоо, система, процесс, реформа, шайлоочу, талапкер.

**Иштин максаты:** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин талдап, аларды өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөө объектиси:** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер саналат.

**Изилдөө предмети:** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүү механизмдер, мамлекет менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери.

**Изилдөө методдору:** КРнын шайлоо системасынын конституцяилык-укуктук негиздерин изилдөөнүн методологиясын илимий изилдөөнүн жалпы, жеке жана атайын ыкмалар колдонду. Изилдөөнүн жалпы илимий ыкмаларынан диссертациялык иште негизги катары теоретикалык жана эмпирикалык изилдөө ыкмалары колдонулду. Жеке илимий ыкмалардын арасынан изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый ыкма кеңири колдонулду. Диссертациялык ишти жазууда атайын илимий ыкмалардын ичинен салыштырмалуу-укуктук ыкма маанилүү ролду ойногон

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы:** Кыргыз Республикасынын шайлоо процессинин эгемендүүлүк алган күндөн баштап 2024-жылдын 30-июнунда уюштурулган кайра шайлоолоруна талдоо жүргүзүлүп, шайлоочулардын жалпы саны, анын ичинен шайлоого катышкандардын саны, анын ичинен канчасы баарына каршы добуш бергендиги тууралуу маалыматтар топтолуп салыштырмалуу формада берилди. Талдоонун негизинде жылдан жылга шайлоо укугун ишке ашырууга болгон кызыгуу төмөндөп, баарына каршы талапкердин күч алуусу көрсөтүлүп, жалпы баалулуктардын өзгөрүүсү белгиленди. Көйгөйлөр менен сунуштар иштелип, чечүү жолдорун берүүгө аракет көрүлдү.

**Колдоону боюнча сунуштар жана колдоону жааты:** Изилдөө иште каралган жоболор, берилген сунуштар, чыгарылган тыянактар тиешелүү мыйзамдарды талкулоодо каралып колдонууга алынса болот. Изилдөөнүн жоболору “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу”, “Кыргыз Республикасынын шайлоо укугу” дисциплиналары жана башка атайын курстар боюнча окутуу процессинде, ошондой эле окуу жана окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Абдылдаевой Наргизы Уркасымовны на тему: "Конституонно-правовые основы избирательной системы Кыргызкой Республики" на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12. 00. 02 – конституционное право; муниципальное право.**

**Ключевые слова:** Конституция, закон, право, выборы, система, процесс, реформа, избиратель, кандидат.

**Цель работы:** Теоретическая разработка конституционных основ избирательной системы Кыргызской Республики и выработка практических рекомендаций по их развитию.

**Объект исследования:** Правоотношения в избирательной системе вытекающие из конституционно-правовых основ.

**Предмет исследования:** Механизмы, обеспечивающие четкое соблюдение конституционно-правовых основ избирательной системы КР, права и обязанности государства и гражданина, связанные с избирательной системой.

**Методы исследования:** Методологию исследования конституционно-правовых основ избирательной системы КР составили общие, частные и специальные методы научного исследования. Из общенаучных методов исследования в качестве основного в диссертационной работе использовались теоретические и эмпирические методы. Среди частных научных методов в ходе исследования широко использовался исторический метод. Среди специальных научных методов при написании диссертационной работы важную роль сыграл сравнительно-правовой метод.

**Полученные результаты и их новизна:** Проведен анализ итогов выборов со дня обретения независимости и до повторных выборов депутатов ЖК, состоявшихся 30 июня 2024 года.  Собраны данные об общем количестве избирателей, в том числе принявших участие в выборах, сколько из них проголосовало против всех, и представлены в сравнительной форме. Из года в год наблюдается снижение интереса к реализации избирательного права, увеличение силы кандидата "Против всех" и с целом отмечаются изменения в общих ценностях. Согласно анализу сделаны выводы и определены проблемы и соответственно внесены предложения по решению проблем.

**Рекомендации по использовнию результатов и область их применения:** Положения, рассмотренные в исследовательской работе, представленные предложения, выводы могут быть рассмотрены и приняты к применению при обсуждении соответствующих законов. Положения исследования могут быть использованы в процессе обучения по дисциплинам "Конституционное право Кыргызской Республики", "Избирательное право Кыргызской Республики" и другим специальным курсам, а также при разработке учебных и учебно-методических пособий.

# ABSTRACT

**for the Dissertation of Abdyldaeva Nargiza Urkasymovna on the topic: "Constitutional and legal foundations of the electoral system of the Kyrgyz Republic" for the degree of Candidate of Law in the specialty 12. 00. 02 – constitutional law; municipal law**

**Keywords:** Constitution, law, elections, system, process, reform, voter, candidate.

**Purpose of the work:** Theoretical development of the constitutional foundations of the electoral system of the Kyrgyz Republic and the development of practical recommendations for their development.

**Research object:** legal relations in the electoral system arising from the constitutional and legal foundations.

**Research subject:** mechanisms ensuring strict observance of the constitutional and legal foundations of the electoral system, the rights and freedoms of the state and the citizen.

**Research methods**: The methodology of the study of the constitutional and legal foundations of the electoral system of the Kyrgyz Republic was made up of general, private and special methods of scientific research. Of the general scientific research methods, the empirical method was used as the main one in the dissertation work. Among the private scientific methods, the historical method was widely used during the research. Among the special scientific methods, the comparative legal method played an important role in writing a dissertation.

**The obtained results and their novelty:** The analysis of the election results from the day of independence to the re-election of deputies of the Housing Complex, held on June 30, 2024, was carried out. Data on the total number of voters, including those who took part in the elections, how many of them voted against all, have been collected and presented in a comparative form. From year to year, there is a decrease in interest in the exercise of the right to vote, an increase in the strength of the candidate "Against all" and, in general, changes in common values are noted. According to the analysis, conclusions were drawn and problems were identified and, accordingly, proposals were made to solve the problems.

**Recommendations for use of the results and scope of their application:** The provisions considered in the research work, the proposals presented, and the conclusions can be considered and applied when discussing relevant laws. The provisions of the study can be used in the learning process in the disciplines "constitutional law of the Kyrgyz Republic", "electoral law of the Kyrgyz Republic" and other special courses, as well as in the development of educational and teaching aids.